УДК 37.013.2+78.05+821.512.154(575.2)
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-6-61-65

# РАЗВИТИЕ НАВЫКОВ УСТНОЙ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ МУЗЫКАЛЬНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПО МОТИВАМ ЭПОСА “МАНАС”

***К.А. Абдиева***

*Аннотация.* Для облегчения восприятия учащимися сложных сюжетных линий при изучении эпоса “Манас” и развития навыков устной речи использовались музыкальные произведения по его мотивам, что стало основой исследования в данной статье. Методические требования и принципы использования музыки как вида искусства в учебном процессе обоснованы исследованиями учёных, раскрывающими последовательность этапов интеграции в учебный процесс эпических и музыкальных произведений. Для раскрытия образов главных героев эпоса, глубокого понимания его идейного содержания использовались наиболее содержательные и художественно совершенные произведения по мотивам эпоса «Манас», а также народные мелодии. Отмечено, что удачное сочетание художественного текста и музыкального произведения служит основой для формирования у учащегося умения ясно представлять себе события в произведении и глубоко чувствовать героев.

*Ключевые слова:* эпос; искусство; музыкальные произведения; учебный процесс; литература; сочетание; величественные мелодии; инструменты; искусные исполнители; образы; глубокое понимание; методический подход.

# “МАНАС” ЭПОСУНУН НЕГИЗИНДЕ ЖАЗЫЛГАН МУЗЫКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР БОЮНЧА ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮ

***К.А. Абдиева***

*Аннотация.* Макалада автор “Манас” эпосунун негизинде жазылган музыкалык чыгармаларды эпосту окутуу процессинде колдонуу аркылуу окуучулардын оозеки кебин өстүрүү ыкмаларын көрсөтүп берген. Искусствонун бир түрү катары музыканын окутуу процессинде колдонуунун методикалык талаптарын, принциптерин окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып негиздеп келип, эпосту музыкалык чыгармалар менен интеграциялоонун этаптарын ырааттуу ачып берген. “Манас” эпосунун негизинде жазылган чыгармалардын эң мазмундуу жана көркөмдүк деңгээли бийик элдик күүлөрдү эпостун башкы каармандарынын образын ачууда, идеялык мазмунун терең түшүнүүдө колдонуунун методикалык ыкмаларын көрсөткөн. Көркөм текст менен музыкалык чыгарманы ийкемдүү айкалыштыруу аркылуу окуучунун чыгармадагы окуяларды даана элестетип, каармандарды терең сезе билүү жөндөмдөрүн калыптандырууга негиз болот деп белгилеген.

*Түйүндүү сөздөр:* эпос; искусство; музыкалык чыгармалар; сабак процесси; адабият; айкалыштыруу; залкар күүлөр; аспаптар; чебер аткаруучулар; образдар; терең түшүнүү; методикалык ыкма.

# DEVELOPING STUDENTS’ ORAL LANGUAGE SKILLS THROUGH MUSICAL COMPOSITIONS BASED ON THE EPIC “MANAS”

***K.A. Abdieva***

*Abstract.* In the article, the author shows methods for developing students’ oral speech through the use of musical works based on the epic «Manas» in the process of teaching the epic. He based the methodological requirements and principles of using music in the teaching process as a form of art on the basis of scientific research, and revealed the stages of integrating the epic into musical works. He showed methodological methods for using the most meaningful

and artistically high folk melodies of the works based on the epic «Manas» in revealing the image of the main characters of the epic, in a deep understanding of its ideological content. He noted that the flexible combination of artistic text and musical work serves as the basis for the formation of the student's ability to clearly imagine the events in the work and deeply feel the characters.

*Keywords:* epic; art; musical works; teaching process; literature; combination; majestic melodies; instruments; skilled performers; images; deep understanding; methodological approach.

Адамдын жан дүйнөсүнүн эң терең катмарынын маңызын бере билген искусствонун назик жана татаал түрү – музыка экендиги талашсыз. Музыканы адабият менен байланыштыруу аркылуу биз предмет аралык байланышты гана эмес, искусствонун жандуу таасири аркылуу баланын эстетикалык табитин жана дүйнөгө болгон терең, сезимтал мамилесин да калыптандыра алабыз. Адабий каармандардын образдары, көркөм идеялары музыканын символдор менен берилген үнү аркылуу бир кыйла таасирдүүлүккө жана тереңдикке ээ боло тургандыгы белгилүү. Ошол эле учурда биз балдардын ошол керемет күчтү сезе билүүгө же музыканы кабыл алууга методикалык жактан туура уюштурулган иштер аркылуу даярдай билишибиз зарыл.

”*Музыканы кабыл алуу* – бул угуучунун музыкадагы мазмунду музыкалык образдар аркылуу кабыл алуу, аны турмушту чагылдырган көркөм биримдик катары сезе билүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат”, – деп белгилешет музыка изилдөөчүлөр [1]. Мындай жөндөмдүүлүктү калыптандыруу үчүн окуучулар менен музыкалык чыгармаларды уктуруу жана алар боюнча *талдоо жүргүзүүчү аңгемелер же көркөм педагогикалык талдоону* көбүрөөк өткөрүү керек. Жогорку деңгээлдеги музыкалык талдоо жүргүзүү үчүн мугалимдин өзү бир нече тепкичтен турган даярдыктардын түйшүгүн басып өтүшү талап кылынат:

1. Искусство таануу илиминин негизинде талданган музыкалык чыгарманы мугалим өзү окуп – талдоо аркылуу окуучулардын жаш курагына, кабыл алуу деңгээлине жана окуу максаттарына ылайык эстетикалык таасир берүүчү негизги учурларын тандап алат.

2. Мугалимдин аңгемеси музыкалык искусствону таанып билүү менен тарбиялоочу максаттарды ишке ашырууга мүмкүндүк түзүүсү зарыл. Ал композитор тууралуу маалыматтар, сүрөттөр жана адабий тексттер менен коштолушу мүмкүн.

3. Музыканын таасир берүүчү каражаттары баланын жаш курагына ылайык жеткиликтүү таасир берип, сезимине эстетикалык рахат тартуулай тургандай болуусу керек.

4. Мугалимдин талдоосу кандайдыр бир деңгээлде терең же учкай болушу мүмкүн, бирок ал ар дайым балдарга туура маалыматтарды гана берүү менен объективдүү болууга милдеттүү.

5. Музыканы талдоо чыгармадан ажырап калбастан аны уктуруу менен удаалаш жүрүп, аны уктурууга же кабыл алууга бир нече ирет кайрылып турууну талап кылат.

Мугалим музыканы сабактын бардык этаптарында колдонушу мүмкүн, бирок музыканын керемет күчү чыгарманы талдоо учурунда эпостун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүнүн ар тараптуу ачылышына айрыкча көмөк бере тургандыгы анык. “Манас” эпосу боюнча жазылган музыкалык чыгармалар менен иштөө процесси да бир нече этаптан турат.

1. Эпос жана музыка темасын баштоо алдында окуучуларга кыргыздын *улуттук музыкалык аспаптары* жана алардын “Манас” сыяктуу нукура элдик чыгармада берилиши тууралуу түшүнүк берип кетүү зарыл деп ойлойбуз. Балким, бул маалыматтар сөздүк иштеринде камтылып, лексикалык комментарий берүү менен коштолушу да мүмкүн. ”Манас” эпосунда азыркы учурда Борбордук Азия аймагында кеңири колдонулган бардык музыкалык аспаптардын үйлөмө, тартма, чертме, урма түрлөрү ар тараптуу сүрөттөлгөн. Эпосто: *комуз, жез комуз, чоор, сурнай, керней, доол, добулбас, дап, жезнай, жекесан, наама, нагыра, сыбызгы, чилмерден, чымылдак, бандалуу, чыңыроон, жылаажын* сыяктуу аспаптар кайсы учурларда, кандайча ойнолгону кеңири берилген. Негизгиси музыкалык аспаптар бабаларыбыздын салтанат менен кубанычын, кайгысын жана трагедиялуу учурларын тең бөлүшүп, адам турмушундагы аш-тойлордун көркүн ачкан.

*Мисалы:* “Жакып баштаган кудаларды, Чыйырды баштаган кудагыйларды эки бет катардын ортосунан өткөрүп, эки жактан чымылдак – сурнайлардын үнү чуулдап, баптын доошу бапылдап, алдыда ойногон кыздар бийлеп, кудалардын жолуна ак чачып жүрүп олтурду [2].

“Айылдан айыл катташып, комузчулар күү чертишип, чоорчулар чоорлорун безилдетип, кыякчылар кыяктарын сызылтып, найчылар жезнайларын ызылдатып, сыбызгы үнү жүрөктөрдү өйүтүп, ооз комузчулар керме тоонун шаңын шаңдантып, түркүн-түркүн оюн-зоок оргуп ташып жүрүп жатты. Келген эл зерикпеди, көңүл жаркыды” [2, 330-*б*.].

Жоо келгенде жалпы журтту Мекенди коргоого, ал үчүн кашык канын аябай күрөшүүгө, алыскы жортуулдардын кандуу майдандарына чакырган жана каардуу кармаштарда курман болгон баатырларга кайгыруунун тереңдигин көрсөтүп турган. Баатырдык эпос катары “Манаста” кыргыз колу жортуулдарга аттанганда, душмандардын демин азайтып, рухун түшүрүү үчүн туу көтөрүлгөндө үйлөмө, какма аспаптар көбүрөөк колдонулган. Алар жекече да, чакан оркестрдик топту түзүшүп аткарышкан:

Сыбызгы, чоор ызылдап,
Жезнай үнү тызылдап,
Узундугу үч кулач,
Үнүн уксаң оолак кач,
Жоондугу үч куча
Доолбасын карап бак.
Ал доолбас кагылса,
Аманат айбан жыгылган
Алты күндүк жерлерге
Ашпай-шашпай угулган [3].

“Таң супа садык салганда керней үнү бапылдап, асабалар жалпылдап, башы бириккен кырк уруу бурут “Кыргыз” деп ураан чакырып, кыжылдаган көп кытай менен калмакты каптап кирди” [2, 349-б.].

Эпосто берилген бул аспаптардын өзгөчөлүгүн, кайсы учурларда, кандайча ойнолгону тууралуу алынган түшүнүк аркылуу ар кандай музыкалык аспаптарда ойногон ар түрдүү улуттагы элдердин, кырк чоронун Манастын кол башчылыгы астында биримдикте, ынтымакта жашап тургандыгы, душманга каршы бир күч, бир муштум болуп каршы турганы ар тараптуу ачылат. Аталган аспаптардын айрымдары коңшулаш жашашкан элдердин бардыгына тең ортоктош музыкалык аспаптар катары жашашкан жана пайдаланылып келе жатат.

2. ”Манас” эпосунун эпикалык окуялары, терең идеялары *комузчуларды* шыктандырып, алардын чыгармачылыгына зор таасирин тийгизген. Эпостун темасын камтыган ондогон элдик күүлөр эл арасында азыр да жашап келе жаткандыгы ачык мисал боло алат. Алардан*:”Чоң казат”,”Алманбет менен Чубак”,”Айчүрөктүн Семетейдин шумкарын ала качканы”, ”Каныкейдин арманы”,”Каныкейдин каалгыма”, ”Алманбеттин арманы”,”Семетей күү”* чыгармаларын атоого болот. Бул күүлөрдү аткаруучулар анын тарыхын жорго сөз менен баяндап, андан кийин гана күүнүн өзүн зор шыктануу менен аткарып беришкен. “Баатырдык эпостун обону муңайыңкы жүрүштөгү албан кайрыктарда вариацияланып, маңызын, көркөмдүк каражаттарын, таасирдүүлүгүн байытып, уккулуктуулугун арттырган” [4].

3. *”Каныкейдин арманы”, ”Каныкейдин каалгыма”* күүлөрүн Карамолдо, Ыбырай, Шекербек сыяктуу залкар комузчулар баа жеткис көркөмдүк деңгээлде аткарышкан. Айрыкча Карамолдо Орозов “...салмактуу, кайгылуу жүрүштүн айдыңында жан билги, акылман айлакер, жоокер жана чебер аялзаты Каныкейдин келишимдүү келбетин, ички муңун көңүлдөн чыккыс, көкүрөктөн өчкүс кайрыктарда сүрөттөп берген” [4, 63-б.]. Мындай залкар аткаруучулардын күүлөрү аркылуу ошол теманы, образды окуучунун жан дүйнөсүнө музыка аркылуу жуурулуштуруп, жакындатып кайра түзүп чыгуу мүмкүндүгү кенен ачылганын мугалим зарыл убакытта сезип окуучулардын сезимине таасир берүүчү кайрыктардын үзүндүсүн тандай билиши керек. Каныкейдин аялдык жана инсандык татаал тагдырынын жолдорун так ушул миң кыялдуу обондордун таасири менен табууга умтулуу, ал ойлордун агымын окуучулар менен чогуу талдап чыгуучу суроо-тапшырмаларды түзүп алуу зарыл.

1. Бул күүнү угуп олтуруп силер кандай сезимдерге кабылдыңар?

2. Кабылан Манасты жоготуп, кан жутуп олтурган Каныкей алты арамдан ушул чыккынчылыкты күттү беле?

3. Эгерде Каныкей ордодо калып, кайнилеринин бирине баш кошуп, башын азапка салбай каныша бойдон кала берсе, Семетейдин тагдыры кандай болот эле?

4. Букарды алыскы жолуна карыган кайын энесин, жаш баласын алып качууда Каныкейге эмнелер күч-кубат берди деп ойлойсуң?

5. Чакмактын белинен Бакай жолугуп, эки семиз ат, эки чанач кымыз, бир боруктун этин бербегенде Каныкейдин жолу уланат беле?

6. Жолдо куурап турган байтерек эмне үчүн Каныкейдин кайрылуусуна жооп берип, кайра гүлдөп чыкты деп ойлойсуңар?

7. Эл баккан эрдин, калкты калкалаган кабыландын жары болуу Каныкейдин бактысыбы же трагедиясыбы?

8. Түйшүктүү жолдо, азаптуу күндөрдө Каныкей кандай ой-сезимдердин кучагында болду деп элестетесиңер?

9. Эгерде Манастын асыл жары Каныкей эмес, Сайкал болуп калганда, эмне болот эле? Сайкалдын: ”Баатырга тийген жар эрте тул калат. Анан өмүр бою боздоп өтөт. Баатырлыктын тагдыры ошол. Капа болбо, зыйнатыңа турамын. Акыреттик боз болом сага!..” дегени туура келдиби?

10. Каныкей менен Сайкал сыяктуу Манастын баатырдык жолунда зор таасирге ээ болгон эки башка аялдын образдарында кандай окшоштуктар жана айырмачылыктар бар?

11. Көкөтөйдүн ашында кандагай берип, алдына жүгүнүп турган Каныкейге Кошой абаңдын берген сыны туура келдиби?

Ай, Каныкей байкушум,
Телегейи тең экен,
Он эки мүчө кең экен.
Кайраты кыйын, заары күч
Шер туучу күң экен.
Сөөмөйү алтын уз экен,
Ургаачыда болбойт ко,
Өзү олуят кызы экен.
Маңдай сөөгү кайкы экен,
Баатырдын көзү өткөн соң
Күн көрөрү тайкы экен.
Кежиге чачы жүн экен,
Баатырдын көзү өткөн соң
Кейишке тууган күң экен.
Маңдай чачы чөп экен,
Жыргалынан жыласы,
Бейбактыкы көп экен! [3, 119-б].

“*Чоң казат”* күүсүн Чалагыз Иманкулов,*”Алманбет менен Чубак”* күүсүн Асаналы Кыштообай уулу,*”Чоң кошуун***”** күүсүн Актан Тыныбеков зор чеберчилик менен аткарып келишкен. Комузчулар баатырдык, эрдик темасындагы бул күүлөрдү бирде марш менен кайраттуу, салтанаттуу чертишсе, бирде муңдуу, ойлуу ыргактарда берип маңызын байытып, уккулуктуу чертишкен. Баштарын канжыгага байлаган баатыр бабаларыбыздын түмөн колу, айбаттуу көрүнүшү, күн-түн тынбай казат жолдо жүрүшү жана алардын тайманбас эрдиктери элестетүүгө түрткү беришкен.

Кыргыздардын баатырларынан акылыамалы менен өзгөчө турган Алманбеттин туулган жерине, элине болгон сагынычы дайыма жүрөгүндө жашап келгенин жакшы билебиз. Ал кыргызга канчалык “каруусун казык, башын токмок кылып” кызмат кылса да, анын кытай аты өчпөй тургандыгын сезип зээни кейийт, арманы күчөйт. Нечен жылдардан бери жүрөгүндө бугуп жаткан кайгысы Алманбеттин Чубак менен болгон чатагында сай сөөктү сыздаткан арман, муң-зар болуп оргуштап чыгат. Ушундай ашынган арманды Ыбырай Туманов иштеп чыккан *“Алманбеттин арманы”* деген күүсү менен коштоо аркылуу гана каармандын трагедиялуу образын ишенимдүү ачып берүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Бул музыкалык чыгарма тереңдиги, көркөм каражаттарынын өзгөчөлүгү менен айырмалана тургандыгын музыка угуучуларга берген терең таасиринен улам сезилет. Ой-толгоолорго, сезим чабыттарына түрткөн музыканын ыргактары төмөнкүдөй татаал суроолордун үстүндө иштөөгө негиз берет:

1. Алманбет Ата Журтундагы адилетсиздикке каршы Манаска келип кошулбай эле өз жеринде салгылашып күрөшсө кандай болот эле?

2. Алманбеттин өз атасы Азис канды өлтүргөнү туура болдубу?

3. Сыйкырчылык өнөрдү Коңурбай, Кожожаш менен кошо окуган Алманбет бул өнөрүн кайсы учурларда пайдаланганын байкадыңарбы?

4. Каңгайда калып, канча жыл аны күтүп жүргөн колуктусу Бурулча болсо да, Алманбет Аруукеге үйлөнүп алганын кандай кайсы шарттар менен байланыштуу деп ойлойсуңар?

5. Туулган жерин сүрөттөгөн баатырдын баянынан кайсы сезимдердин толкуну сезилип турат?

6. Чубактын суранычына карабастан, Алманбеттин чалгынга Сыргакты алып кеткени чатактын чыгышынын чыныгы себеби болдубу же Чубактын жана кыргыз баатырларынын Алманбетке каршы башка ойлору бар беле?

7. Алманбеттин Чубакка таарынып айткан армандуу сөздөрү бир гана баатырга эмес, Манаска жана анын жалпы журтуна да тиешелүү деп эсептейсиңби? “Кыргыздын кол башчысы болгончо кытайдын катардагы жоокери болсом болмок экен”, – деп Алманбет өмүрүнүн акырына жакындап калганда өкүнгөн жокпу?

8. Чет Бээжиндин сырын чалып, Бурулчага жолугуп, кытайлардын жылкысын айдап келген учурлар Алманбеттин кайсы сапаттарын ачып көрсөтөт?

9. “Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман, береки Азискандын качкыны болбогондо, кыргыздарды кызылбайрам кылып качан эле кууп чыгат элем”, – деп өкүнгөн Коңурбайдын сөзүндө канчалык чындык катылган?

10. Кытайларга өргүү берген Манастын өзүм билемдигинен кийин, кыргыздардын кыйрашын, өзүнүн өлүмүн сезип-билип турса да, Алманбет Манасты эмне үчүн согушту токтотууга үгүттөгөн эмес?

11. Алманбеттин табыпчылык касиеттери чоң казаттагы кайсы окуяларда ачык берилет?

12. ”Кыргыз журтунун уулу, Манастын эмчектеш иниси болом”, – деп келген Алманбет энеси Чыйырдынын ак сүтүн, кыргыз элинин ишеничин актаган азамат боло алды деп ойлойсуңарбы?

Азыркы мезгилдеги эпоско байланыштуу жаралган музыкалык чыгармалар да окуучуларга мекенчилдик идеясын сиңирүүгө негиз болуучу окутуунун ийкемдүү каражаттары болуп эсептелет. Мисалы, К. Молдобасанов Ж. Садыковдун ”Манастын уулу Семетей” спектаклинин негизиндеги *”Манастын кошууну”* симфониялык сүрөттөмөсү, Э. Жумабаевдин *“Эпикалык”* аттуу симфониясы, С. Турдубаевдин *“Каныкейдин Тайторуну чапканы”* бөлүмүнүн негизинде *“Тайтору”* симфониялык поэмасы, К. Асанбаевдин *“Каныкей”* симфониялык поэмасы болуп эсептелет. М. Бегалиевдин *“Манас”* сонатасы жана симфониясы батыштын салттуу формалары аркылуу байытылган мазмундуу чыгарма катары эпосту окутуунун бардык этаптарында методикалык жактан ырааттуу жүргүзүлгөн иштердин топтому аркылуу окуучунун жан дүйнөсүн байытып, ой жүгүртүүсүн тереңдетип, улуттук чыгарманы оозеки кеби аркылуу эркин сүйлөп, кептин көркөмдүүлүгүн арттырууга түрткү берет.

Демек, эпос боюнча түзүлгөн мындай баалоочу, чыгармачыл суроо-тапшырмалар менен залкар эпикалык дастан күүлөрүнүн ыктуу айкалышуусу окуучулардын чыгармадагы окуяларды даана элестетип, каармандарды терең сезе билүү жөндөмдөрүн калыптандырууга негиз болот. Эпосту окутууда жүргүзүлгөн иштердин негизги максаты улуу педагог В.А. Сухомлинскийдин төмөнкүдөй айткандарына дал келиши керек: *“Музыка адамгерчиликке жана сулуулукка тарбиялоонун эң назик жана керемет куралы болуп эсептелет*” [5; 6].

Поступила: 14.05.2025;
рецензирована: 28.05.2025; принята: 30.05.2025.

***Адабияттар***


1. *Апраксина О.А.* Методика музыкального воспитания в школе / О.А. Апраксина. М.: Просвещение, 1983. 173 с.
2. *Ашым Жакыпбек*. Теңири Манас / Ашым Жакыпбек. Бишкек, 1995. 276-б.
3. *Орозбаков С.* “Манас”. 2-китеп / С. Орозбаков. Бишкек, 1995. 185-б.
4. *Алагушев Б.* ”Манас” музыкада / Б. Алагушев. Бишкек: Мурас, 1995. 23-б.
5. *Сухомлинский В.А.* Тарбия жөнүндө / В.А. Сухомлинский авт. ж-а түз. С. Соловейчик; котор. Д. Орозалиев. Фрунзе: Мектеп, 1985. 268-б.
6. *Абдиева К.А.* Совершенствование устной речи учащихся в процессе анализа текста эпоса “Манас”/ К.А. Абдиева // Вестник КРСУ. 2025. Т. 25. № 2. С. 176–180.